Н.Рахманов атындагы орто мектебинин

Мамлекеттик тил мыйзамынын 33 жылдык маарекесине карата

**“Кыргыз тили - кыргыз элинин улуттук тили, улуттук маданиятынын очогу”** аттуу салтанаттуу иш-чаранын сценарийи

Т: Салам дештин кыргызча мааниси бар,
Саламдашуу жөн эле эмес шаанисы бар.
Ар адамга биринчи тынчтык каалап
Жай сурашып андан кийин таанышуу бар.

Ф: Аксакалы, баарысы,
Жаштар, анан карысы.
Байбичеси, кыздары
Келиндери, бийкечтери,
Баарысы тең аманбы?

Т: Ынтымакка чакырган,
Наркты, салтты калтырган,
Улуулар бүгүн аманбы?

Ф: Күчү толгон билекте
Көп таанылган иште дагы, эмгекте
Эл ишенген жигиттер
Алар дагы аманбы?

Т: Эли журтум баарыңарга салам болсун,
Кыргызымдын учу-кыйры омон болсун,
Эл оозунда тилим, дилим өсүп, өнүп,
Жеримде бейпилчилик заман болсун.

Ф: Оо кутман эл сурашалы амандык,
Бир бололу алыс болсун жамандык.
Бүгүнкүдөй майрам болсун күндөрдө,
Биз сиздерге жакшылыкты каaладык.

Кыргыз тили-бул мекендин башталышы.
Кандай жөнөкөй, кандай терең, кандай улуу сөз.

Т: 1989-жыл 23-сентябрда Мамлекеттик тил жөнүндө мыйзам кабыл алынган эле. Мына 33 жыл болгонун белгилеп отурабыз. Албетте, бул баарыбыз үчүн кубанычтуу көтөргөн окуя.
Кыргыз тилин коргоо үчүн Манас бабабыз жоого аттанган. Ар бир доордун, ар бир кылымдын, мезгилдин эр азаматтары эл жери, кыргыз тили үчүн жан аяшкан эмес.

Т: Элибизди эл кылып, улут катары таанытып келаткан улуу белгибиз бул- кыргыз тили. «Элсиз тил болбойт, тилсиз эл болбойт!. Анын сыңарындай, кыргыздын кыргыздыгы анын кыргыз тили аркылуу даңкталат.

Ф: Эне тилибиз нечен кылымдарды карытып, бизге жеткен. Бул тилде нечендеген ырлар, уламыштар, дастандар, эпостор жаралды. Алар муундан муунга өтүп бизге чейин жетти.

Т: Анда эмесе көнүлүңүздөрдү нечен кылым карытып бизге жеткен элдик оозеки чыгармачылыктын казынасына бурсак. Мында карапайым кыргыз эли ырдаган эмгек ырлары, каада-салт ырлары баары керемет. Анда азыр ушул керемет салтыбызга бир үңүлө карасак.

*Жай музыка угулат*

Умай Эне элге кайрылат:

– О, ыйык Энелер, уул-кызыңар Ата Мекенинин анык азаматы болсун десеңер, эне тилин ыйык тутуп, таза сактасын десеңер, тээ бешикте жаткан кезинде ырдап берген бешик ырыңарды эр жеткен чагында кайрадан бир ирет ырдап бергилечи! Ал ырдан уул-кызыңар Ата Мекенин, эне тилин сүйүү кандай ыйык экенин акыл-эси толгон кезинде дагы бир ирет билсин, туйсун, эсине салсын! Эне тилинин кандай ширин, кандай ыйык, кандай көркөм экенинине дагы бир ирет тамшанышсын! Суранам, ошенткилечи!

Эненин бешик «Бешик ыры» ырдалат ( уктурулат) инсценировка көрсөтүлөт.

Умай эне: Эне менен эне тил, ата менен Ата Журт бирдей эле ыйык, бирдей эле кудурет-күчкө эгедер улуу түшүнүктөр адам өмүрүндө. Эне тили менен Ата Журтун ардактаган уул-кыздар – эл-журтуна улуу кызматын аябай кылган анык азаматтар!

Ошол үчүн мындай деп айткым келет: Энеден айрылган жетим эмес, эне тилинен айрылган – анык жетим. Атадан айрылган жетим эмес, Ата Журттан айрылган – анык жетим! Багыбыз тоодой болсун десең, энебиз да болсун, эне тилибиз да болсун! Атабыз да болсун, Ата Журтубуз да болсун!

Алып баруучу: Ата бабабыз көөнөрбөс сөз казынасын мурастап кетиптир. Кылымдардан кылымга жашап келген эл чыгармачылыгы-ошол элдин акыл эсинен, эмгегинен, турмуштук тажрыйбаларынан улам жаралган. Биз байыркы кыргыздын урпактары аларга миң мертебе ырахматыбызды айтып, түбөлүк таазим кылууга милдеттүүбүз.

Умай эне: Тээ алыстан эмгек шаңы жаңырып, кыз-келиндердин ыр күлкүсү угулгандай. Жер-эне өз мээримин, байлыгын аябастан берип, эл эмгегин кайтарып жаткан турбайбы. (Умай эне колун созуп, тээ алыстан бир нерсени көрүп жаткандай үңүлөт)

**Музыка жаңырат. Оп майда ырына сценка көрсөтүлөт.** *(9-10-кл кыздары)*

**Бекбекей ырына сценка көрсөтүлөт.**

**Жарамазан ыры**

**Умай эне:** Өнөр эмес бекен бали, уул-кыздарым! Эл тарабынан жаралган чыгармалар замандар бою, сакталып, атадан-балага, укумдан-тукумга ыйык керээз катары сакталганы ушул эмей эмине.

Алып баруучу: Анда эмесе “Өнөр алды-кызыл тил”-деп калкыбыз сөз өнөрүн абдан барктаган эл. Ошол үчүн “Манас” сыяктуу улуу эпосту жаратып кетишкен. Келгиле анда Манас угуп кулак кумарын кандыралы.

Манас айтуу  (6-кл балдары)

Алып баруучу: Ар бир эл өзү басып өткөн тарыхындагы турмуштук тажрыйбаларынын эң керектүүлөрүнүн, келечекке үлгү сабак боло турган пайдалуу байкоолорун “сөз берметтерине” сиңирип, накыл кептерди, макал-ылакаптарды жаратышкан турбайбы. Макал- тилдин көркү, сөздүн-каймагы”-деп барктайбыз элибизде. Анда бир аз макал-ылакап айтышып алсак.

Макал-ылакап айтышуу (5-6-кл)

(Окуучулар бири-бири менен макал-лакаптар айтышат.)

1. Ааламдын көркүн көз ачат,

Адамдын көркүн сөз ачат.

2. Адамды даңазалаган да сөз,

маскаралаган да сөз.

1. Адам тилинен табат.

2. Адамдын даңкын чыгарган да тил,

Тарпын чыгарган да тил.

1. Адам сөзгө байланат,

Айбан чөпкө байланат.

2. Адам сөзүнөн сынат,

Уй мүйүзүнөн сынат.

1. Аз сүйлөсөң элиңе жагасың,

Көп сүйлөсөң балээге каласың.

2. Ата сөзү алга сүйрөйт адамды,

Эне сөзү эпке салат жаманды.

1. Оноздун көрку – тил,

Тилдин көрку – сөз.

2. Билимдүүнүн сөзүөткүр,

Өнөрлүүнүн көзүөткүр.

1.Бирөөнүн өзү баатыр,

Бирөөнүн сөзү батыр.

2. Бутунан чалынган турат,

Сөзүнөн чалынган турбайт.

1. Өнөр алды – кызыл тил.

Алып баруучу:

Тилге жолдош, үндө дем

Комузду кошуп ырдайлы,

Бабабыз черткен бул комуз

Баркына жетип сыйлайлы.

*Комуз күүсү (6-кл)*

Алып баруучу:

Акыйнек ырын ырдашуу

Абалтан калган салт экен.

Байыртан бери кыргыз эл,

Сөз баалаган калк экен,- демекчи акыйнек ырын балдар –кыздар айтышсакпы деп турушат.

Акыйнек айтышат (Балдар-кыздар айтышат)

**2-топ** Кен – байлыктуу жерденбиз,

Өзүбүз чечен элденбиз.

Өтүмдүү, кур чтил менен,

Душмандарды жеңгенбиз.

**1-топ** Биз жашаган коомдо
Көп ийгилик жаралат.
Тазалыгын сактабай,
Тилди алдык жаралап

**2-топ** Чет тилдин сөзүн тантышат
Өз тилин жакшы биле албай.
Кыштакта эле жашашат,
Орусча сүйлөйт тил албай.

**1-топ** Ар бир тилдин өзгөчө,
Жакшы жагы бар болот.
Тили таза, дил таза,
Окуучулар оңолот.

**2-топ** Өз тилиңди өстүрүп,
Рухуңду байыткын.
Каймагын калпып сөздөрдүн,
Жарык маанай жайылткын.

**Чогуу:** Эне тилди сактайлы,
Эне тилди барктайлы.
Сөзүбүздү байытып,
Тилибизди даңктайлы.

*Ыр: Жылкычынын ыры (10-кл окуучусу)*

Умай эне: Балдарым, силердин бүгүнкү күндөгү эне тилиңер тууралуу кандай ой толгоолоруңар бар?

1-окуучу: Эне тилинде сүйлөбөгөн адам Ата Журтунда жүрбөгөндөн эмне айырмасы бар?

2-окуучу: Эне тилинде ыр укпаган, эне тилинде төрт сап ыр билбеген адам чет элде жүргөндөн эмне айырмасы бар?

3-окуучу: Энесинин бешик ырын укпай, чоңойгон бөбөк энесиз жетим өскөндөн эмне айырмасы бар?

4-окуучу: Ата салтын билбеген, аны турмушунда колдонуп жашабаган адам Ата Журтун чангандан айырмасы кайсы?

5-окуучу: Эне тилин билбесе, аны ардактап сүйбөсө, Ата Журтумду сүйөм деп көкүрөк каккандын эмне пайдасы бар?

2-окуучу: Кээ биреөлөр эне тилин чанып, башка тилде сүйлөсө эле тили буудай кууруп, торгойдой сайрап жатам деп ойлойт. Эне тилинде эки сөздүн башын тыңыраак кошуп сүйлөй албаган чалпоо башка тилде бакадай чардап жатканын байкабайт сыяктанат.

3-окуучу: Ошол үчүн публицист-окумуштуу С.Байгазиев айтып отурбайбы минтип: «Кыргыз тили пенделеринин кайдыгерлигинен азап чегип, өз Ата Мекенинде арыш керип өркүндөп өсө албай отурат. Мен Кыргызстандан кыргыз тилине кайдыгер академигин көрдүм. Кыргыз тилине кайдыгер көз менен караган министрди, депутатты көрдүм. Эне тилин унуткан Бишкектик Такинди көрдүм, эне тилим дебеген акимди көрдүм. Эне тил деп күйбөгөндү Оштон көрдүм, ошондой эле немени соттон көрдүм. Эне тилин сүйбөгөндү Чүйдөн көрдүм, ошондой эле манкуртту үйдөн көрдүм».

5-окуучу:

Аларга менин айтарым бул:

Атың кыргыз,

Затың башка,

Өзүң кыргыз,

Сөзүң башка,

Диниң кыргыз,

Тилиң башка

Болуп калсын дебесең –

Жыйындарда,

Курултайда,

Чогулушта,

Жолугушта,

Ажоң баштап,

Кожоң коштоп,

Өз тилиңде сүйлөгүн сен?

Умай эне : Туура айтасыңар балдарым. Бирок да, өз эне тилине күйбөгөн, өз эне тилинде сүйлөбөгөн манкурттар да арабызда жок эмес. Кызматтын кырына чыгып алып, кыргыз тилин шылдыңдай караган кыргыз жигиттерибиз далай эле бар.

«Эмнени кор кылсаң, ошондон кордук көрөсүң», дегендей эне тилин ким кор тутса, ал ошонун эсесин тартпай койбойт. Эч нерсеси кемибеген хандын тузу кемиген сыяктуу, баары бир рухунун бир жери кемийт, аны өзү билбейт, салт-санаасынан алыстайт, тарыхынан алыстайт, айыл-апасына жат көрүнөт, тууган-туушкандарынан коомайланат, ата-бабасы сүйлөгөн эки ооз сөздүн сырын түшүнбөйт, өз элинин рухунда эркин балыктай сүзөалбайт, эркин куштай уча албайт. Анан өз кандаштарынан  акырындык менен четтей баштайт, ошондон чүнчүп-жүдөп, ошентип өз Ата Журтунда жүрүп андан билинбей өгөйлөнө баштайт. Анын өз эне тилинен запкы көргөнү – ошол эмеспи!

Алып баруучу: Эне тилдин кадырына жетип аны даңазалоо, өнүктүрүү, биз үчүн милдет.Эне тилди кимдер гана даңазалабады, анын  баа жеткис байлык экендигин кидер гана айтпады жазбады. Эмесе кымбаттуу окуучулар, белгилүү акындардын калеминен жаралган  ыр саптарынан айтып өтпөйлүбү.

Көркөм окуу:

**1-окуучу.** Бирге жүрсом эне тилин кадырлайм

Бул тил менен иштейм , сүйлөйм ыр ырдайм

Башка тилди жандай жакшы көрсөм да

Өз тилимди сүйгөнүмдөн жаңылбайм

**2-окуучу**: Кымбаттан кыналышып буткөн тилим

Кылымдан азиз энем күткөн тилим

Төрөлүп бул дуйнөг көз ачканда

Жаралып жаным менен буткөн тилим

**3-окуучу:** Эне тилим- эне сутүм суйгөнүм

Бир өзүңдө бар жыргалы дуйнөннун

Чырпыгыңды чынар кылдым бөпөлөп

Көңүлүмө, жүрөгүмө түйгөнүм

**4-окуучу:** Эне тилим эне сутүм жыргалым

Сенден издейм музыканын ыргагын

Эт жүрөктү элжиретер эсепсиз

Бир өзүндө жазыла элек ырларым

**5-окуучу:** Кылымдардан жашап келген кылымга

Айтып болгус сырлары бар мунун да

Эне тилим сыймыгымсын даңктаган

Баардык тилден ыйык көрөм чынында

**6-окуучу:** Эне тилдин ар бир сөзү сүйлөмү,
Эч табылгыс бак-таалайдын ирмеми.
Эне тилде эркелетип апакем,
Эне тилде таанып билгем дүйнөнү.

**7-окуучу:** Эне тилсиз кантип болсун жашамак,
Эне тилсиз жүрөк кантип жашарат?
Эне тилде кудайыма сыйынып,
Эне тилде арнайм кызга махабат.

**8-окуучу:** Эне тилим дастанымдай бүтпөгөн,
Эне тилди уксам толкуп күчтөнөм.
Удургуган сезимдерди жамынып,
Уктасам да эне тилде түш көрөм.

**9-окуучу:** Энчи болуп бизге калган эскиден,
Эне тилим - байлык, кенчим деп билем.
Өлсөм дагы көргө кирген кезимде,
Өз тилимде сурак берсем деп жүрөм!

*(Колунда тирүү кызыл гүл болгон 2 кыз чыгат 11-кл)*

**Окуучу: :** *Менин тилим ушул кызыл гүл сымал,*
*Бапестегин, ардактагын сактап кал.*
*Бакпасаң, барктабасаң өз тилиңди,*
*Бул дүйнөдө жок болорун билип ал..*

*Менин тилим назик жана жугумдуу,*
*Ширинин айт, шекер сөздүү, даамдуу.*
*Бабалардан калган сөздү уксаңар,*
*Таасирдүү да, татынакай, угумдуу.*

Алып баруучу: Көзгө сүйкүм кыргыз бийин

Кимдер гана билбесин.

Кыргыз кыздар кызгалдактай,

Кулпурушуп бийлешсин.

(Кыргыз бийи 6-кл кыздардын аткаруусунда)

Умай эне : Оо менин урпактарым, силер улуу кыргыз элинин урпагысыңар. Кыргыз тили кылымдарды карытып, эл менен кошо оош-кыйыш тагдырларды башынан кечирип, бүгүнкү күнгө келип жетти. Биз үчүн тилибиз кандай ыйык болсо, силер үчүн да ошондой ыйык болууга тийиш. Демек силер өзүңөрдөн кийинки урпактарга дагы өз эне тилиңерди кастарлап, аздектеп жеткирүүгө тийишсиңер. Мен, Умай энеңер ага ишенемин. Сапарым карып баратып силерден элибиздин мүнөзүнө, пейилине таанымал накыл сөздөрү менен узусам дейм.

1. *Адамгерчилиги- кайрымдуулук*
2. *Адеби – аялзатты сыйлоо*
3. *Акылы- макал*
4. *Саламы-бар бол*
5. *Алкоосу –өмүрлүү бол*
6. *Арзыганы-Ысык-Көл*
7. *Аруулаганы –арча*
8. *Ар тутканы- акыйкаттык*
9. *Аскар тоосу- атасы*
10. *Акылдыгы- жөнөкөйлүк*
11. *Асылы-баба сөзү*
12. *Баамчылдыгы-көзүн байкоо*
13. *Байлыгы-эне тили*
14. *Баалаганы-Ата Журт*
15. *Белгиси-көк асаба туу*
16. *Бешиги- киндик каны тамган жер*
17. *Парзы-эне тилин актоо*
18. *Руху-айкөлдүк*
19. *Сагынганы-туулган жер*
20. *Сапаты-санжыра*
21. *Сыймыгы-Ата Мекен*

Алып баруучу:

Рахмат, силерге достор! Силер эне тилибиздин анык күйөрмандары экенсиңер, эне тилибизди таза, ыйык, бийик тутуп, ал гана эмес ата салтыбызды, улуу дөөлөттөрүбүздү сактай билгендигиңерди эл алдында далилдей алдыңар.

Анда эмесе, тээ алмустактан бери келе жаткан булбул тилдүү таңдайынан чаң чыккан, күлкүлүү кеби күн батырып, тамаша кеби таң атырган кыргыз элимдин урпактарына касиеттүү Умай энебиздин бал татыган батасын алып берели

Умай Эне: Касиеттүү эне тилибиздин уюткусу, көрөңгөсү болгон ак калпактуу элибиз жашап турганда кыргыз тили эч качан жоголбосуна, дүйнөлүк башка тилдер менен теңтайлаша өнүгүп, келечек урпактарга аалам мейкиндигине көкөлөтчү канат-бутак болоруна ишенебиз. Ошондуктан улуттук дөөлөт уюган эне тилибизди ыйык тутуп, даңазалап, көккө көкөлөтүп туу кылып көтөрүп алалык!

Ушул тилекке жеткизген улуу жолубуз байсалдуу, ак жолтой болсун!

О-о-мийин!

**Алып баруучу:** Эмесе*, “Кыргыз тил-кыргыз элининин улуттук тили, улуттук маданияттын очогу” аттуу салтанаттуу кечебизге аягына келип жетти көңүл бурганыңыздарга чоң ырахмат. Көрүшкөнчө, аман болуңуздар*

*Сөз кезеги коноктордо*